УДК:303.09

**Эрматов Д.Ч.**
И.Арабаева атындагы КМУнун Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин магистранты
**Эрматов Д.Ч.**
Магистрант Факультета истории и социально-правового образования КГУ им. И.Арабаева
**D.Ch. Ermatov**
Masters student of the Faculty of History and Social and Legal Education of KSU named after I. Arabaev

# ТООЛУУ КЫРГЫЗ ОБЛУСУН ТҮЗҮҮ АРАКЕТТЕРИ ЖАНА АНЫН ТАРЫХЫЙ МААНИСИ

# ПОПЫТКИ СОЗДАНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ ГОРНОЙ ОБЛАСТИ И ИХ ИСТОРИЧЕСКОЕ ЗНАЧЕНИЕ

# ATTEMPTS TO CREATE A MOUNTAINOUS KYRGYZ REGION AND ITS HISTORICAL SIGNIFICANCE

**Аннотация:** Макалада совет бийлигинин алгачкы жылдарында улут саясатынын негизинде өз алдынча орнотулушунун Кыргызстандагы өзгөчөлүктөрү, алгачкы кыргыз кыргыз мамлекттүүлүгү үчүн аракеттер изилденген.

**Аннотация**: В статье исследуются особенности самоутверждения в Кыргызстане в первые годы Советской власти на основе национальной политики, усилий по становлению кыргызской киргизской государственности.

**Abstract:** The article examines the peculiarities of self-establishment in Kyrgyzstan in the early years of Soviet power on the basis of national policy, the efforts for the first Kyrgyz Kyrgyz statehood**.**

**Негизги сөздөр:** мамлекеттүүлүк, саясий күрөш**,** совет бийлиги, улут саясат.

**Ключевые слова**: государственность, политическая борьба, советская власть, национальная политика.

**Keywords:** statehood, political struggle, Soviet power, national politics.

Октябрь төңкөрүшүнөн кийин Совет өкмөтү Россия элдеринин суверендүүлүгүн жана теңдигин ,өзүнчө бөлүнүп чыгуу жана мамлекет түзүүгө чейин өз тагдырын өзү чечүү укугун берген “Россия элдеринин укуктарынын декларациясын” жарыялаган. Ал эми 1917-жылы 20-ноябрда “Россиянын жана Чыгыштын бардык мусулман эмгекчилерине” өз турмушун эркин куруута чакырган.Бирок кыргыз эли декларация менен кайрылуунун айрым жактарын пайдаланууга революциядан 7 жыл өткөндөн кийин гана мүмкүнчүлүк алган.

Советтик мамлекеттүүлүктү түзүүкыйла кыйынчылыктарды туудурган. Мында карама-каршы күчтөрдүн жана факторлордун таасири өз ролун ойногон. Жалган революциячыл ураандарга жамынган борбордогу улуу державалык жана ун итардык көз караштагы, мамлекеттик жана советтик жетекчилер майда элдердин ,анын ичинде кыргыздардын өз алдынчалыгына каршы турушкан жалпы түркстандык улутчул маанайдагы жетекчилердин аракеттери ,өз алдынча мамлекет түзгөн учурда позициларынын

начарлашынан корккон жана бийлик үчүн ар түрдүү топко бөлүнө күрөшүшкөн кыргыз кыргыз кызматкерлеринин изденүүлөрү кыргыз мамлекетигинин түзүлүшүнө кыйла жолтоо болгон. Аталган күчтөрдүн таасири астында 1922-жылы Кыргыз Тоолуу областын түзүү идеясы ишке ашкан эмес [1]. Бирок иштин оң чечилишине шарт түзгөн кырдаалдар да болгон. Негизги жана чечүүчү фактор - кыргыз элинин эл жана улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу конституциялык-укуктук, саясий-директивалык жактан бекемделиши да аныктоочу орунду ээлеген.

Улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу 1919-жылы кабыл алынган РКП(б)нын экинчи программасында да бекемделген. Ошол эле учурда программа өз тагдырын өзү чечүү таптык көз караштан, улуттун тарыхый өнүгүүнүн кайсы тепкичте тургандыгына (орто кылымдан буржуазиялык демократияга,же буржуазиялык демократиядан советтик же пролетардык демократияга баруучу жолдо) байланыштуу болот деген жобонун киргизилиши менен партия иш жузүндө артта калган элдердин өз тагдырын өзү чечүү укугунун ишке ашышына бөгөт койгон [2]. Анын үстүнө программага мамлекеттердин федеративдик негизде биригүүсүн “толук биримдешүүгө өтүүнүн өткөөл формасы” деп кабыл алуу менен келечектеги тоталитардык-унитардык советтик республикалардын мамлекеттик түзүлүшүнүн негиздери түптөлгөн.

Ошентсе да лениндик улут саясаты мамлекеттүүлүккө жетүү маселелерин чечүүнү кыйла жеңилдеткен жана жалпы өлкөнүн масштабында бул укукту ишке ашыруу процессинде өз алдынча мамлекеттер түзүлгөн (Финляндия, Эстония, Латвия, Литва, Польша, Тува) же чектелген автономияга ээ улуттук бирикмелер пайда болгон (союздук, автономиялык республикалар, областтар, округдар “Суверенитет парады” деп аталган алгачкы мезгилде баштагы падышалык Россиянын аймагында 70 тен ашуун өз алдынча, же автономиялуу мамлекетик түзүлүштөр жаралган.

Бирок кыргыз элинин тагдырында партиянын программалык көргөзмөсү узакка ишке ашкан эмес.Совет бийлиги орногондон кийин деле көпкө чейин кыргыздар Түркстан АССРнин ар кайсы областтарында бытырандылыкта кала берген. Алсак, Жети-Суу, Сыр-Дарыя, Фергана, Самарканд областтарында кыргыздар этникалык аз калк болуп, алардын маданий-этникалык кызыкчылыктары көбүнчө эсепке алынбаган. Иш жүзүндө өзбектер менен казактар кыргыздарды ассимиляциялай баштаган.

Граждандык согуш аяктап, өлкөдөгү саясий абал акырындап оңоло баштаганда РКП (б) БКнын “Чыгыш элдери жашаган жерлердеги РКП (б)нын милдеттери жөнүндө” деген токтому кабыл алынган.Анда ошол кезде автономиялуу мекемелери жок чыгыштагы улуттар үчүн автономия укугун берүү зарылдыгы көрсөтүлгөн [3].

1921-жылы болгон партиянын X съездинде улут маселесиндеги партиянын милдети орус эмес эмгекчил элдердин өнүгүшүн Борбордук Россиянын деңгээлине жеткирүүгө жардам берүү болуп эсептелээрин көрсөткөн. Аларга жардам: а) бул элдердин улуттук-турмуштук шарттарына ылайык келген советтик мамлекеттүүлүктү түзүү жана бекемдөө; б) жергиликтүү калктын жашоо-шарты менен кулк-мүнөзүн билген жергиликтүү адамдарды бийлик , чарба органдарына, админстрацияга, сотко тартуу менен эне-тилин өнүктүрүү жана бекемдөө; в) эне-тилиндеги маданий- агартуу мекемелерин-театр, мектеп, пресса жана клубдарды өркүндөтүү; тез аранын ичинде жергиликтүү калктан жумушчу адистерди жана башкаруунун бардык тармактары боюнча советтик-партиялык кызматкерлерди жана биринчи иретте агартуучуларды даярдоо үчүн эне тилиндеги жалпы билим берүүчү мектептер менен курстардын кеңири тармактарын, профессионалдык-техникалык окуу жайларын өнүктүрүү

(биринчи кезекте кыргыздар, башкырлар, түркмөндөр, өзбектер, тажиктер, азербайжандар, татарлар) милдеттери коюлган.

Съезд бүтөөрү менен жалпы өлкө боюнча улуттар менен элдердин өз алдынча советтик мамлекеттүүлүгүн өнүктүрүү жана бекемдөө жөнүндөгү чечимдерин ишке ашыруу боюнча кеңири масштабдуу иш башталып, алардын негизинде Советтик Социалисттик Республикалардын Союзун түзүү башталган. Бул иш Кыргызстанда да жүргүзүлгөн.

Түркстан АССРинин курамында өз алдынча админстративдик кыргыз областын түзүү маселеси биринчи жолу 1921-жылы көтөрүлгөн. Областты түзүү зарылчылыгын Түркстан республикасында кыргыз элинин областтарга, ал гана эмес бир эле жерде бытырандыланып бөлүнүшүнүн кесепетинен социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүүсүнө кедерги болуп жаткандыгы менен көрсөтүшкөн. Экинчиден, кыргыздарды өзүнчө бөлүп чыгуу Жети-Суу областтык башкаруу чөйрөсүндөгү кыргыз жана казак кызматкерлеринин айрым топторунун ортосундагы күч алып бараткан тирешүүнү жок кылмак. Үчүнчүдөн, кыргыздардын өз алдынча мамлекеттүүлүгүнүн түзүлүшү Кыргызстандын түштүк бөлүгүндөгү басмачылык кыймылды кыймылдын айрым жетекчилери өзүнчө админстративдүү кыргыз областы түзүлсө күрөштү токтотууга убада беришкен [4].

Мындан сырткары 1921-жылы Кыргыз (Казак) АССРинин БАКи ВЦИКтин Президиумуна Сыр-Дарыя жана Жети-Суу областтарын 1920-жылы түзүлгөн Казак автономиясынын курамына кошуп берүү өтүнүчү менен кайрылышкан.Бул сунуш Улуттардын эл комиссариатында колдоого ээ болгон жана негизинен чечилип калган. Бул Жети-Суу менен Сыр-Дарыя областтарындагы казактардын талаптарына жооп берген, бирок андагы кыргыз элинин улуттук суверенитет маселесин татаалдаштырган.Анын биримдешүүсү үчүн олуттуу жолтоо түзүлгөн.

Мындай кырдаалда эл (өзгөчө анын билимдүү бөлүгү) кайдыгер калган эмес.1922-жылы мартта Ж.Абдырахманов, И.Арабаев, А.Сыдыковдордун демилгеси менен кайрадан кыргыз уезддерин Тоолуу областка бөлүү маселеси көтөрүлгөн [4]..

Бул топтун эн чыгаан жетекчиси солто уруусунун белгилүү манабынан тукумунан чыгып, терең билим алган белгилүү манабынын тукумунан чыгып,терең билим алган белгилүү советтик партиялык кызматкер А.Сыдыков болгон (1889-1938).

1922-жылы 25-мартта Түркстан КП(б) БКнын секретариаты Жети-Суу областтын райондоштуруу тууралуу токтом кабыл алган.Түркстандын Борбордук Аткаруу Комитетинин Президиумуна Пишпек, Пржевальский, Нарын уездеринен жана Олуя-Ата уездинин тоолуу бөлүгүнөн турган, Түркстан республикасынын курамындагы Тоолуу областты түзүү жөнүндө декретти жарыялоо тапшырылган.Кыргыздар жашаган Ферғананын тоолуу бөлүгү жөнүндөгү маселени Ферганада тынчтык орноого чейин ачык калтырууну чечишкен [5].

Бирок Тоолуу областты түзүү жөнүндөгү негизинен чечилген маселеге Р. Худайкулов башында турган бийликтин камчысын чапкан кыргыз кызматкерлеринин тобу каршы болуп, съезд чакырууга каршы иш жүргүзүшкөн. Алар кыргыздарды казактардын бир бөлүгү, экөөнүн ортосунда эч айырма жок деп эсептешкен [6].

Жети-Суу обкомунун аткаруу бюросу менен областтык аткаруу комитетинин президиуму Тоолуу областты түзүү жөнундөгу чечим кабыл алынгандан эки ай өткөндөн кийин көз караштарын кескин өзгөртүшкөн жана ондогон жылдардан кийин да айрымдары чечилбеген татаал шарттарды коюшкан. Буга Жети-Суу областынын жетекчилерин Түркстандын жетекчилери- Ходжанов, Асфендияров, Төрөкулов ж. б тарабынан колдоого алышы да түрткү болгон.Ал мезгилде аймактын саясий турмушунда чоң роль ойношкон бул

кызматкерлер өзүлөрүнүн атаандашы Т.Рыскуловду кыргыз кызматкерлеринин көпчүлүгү колдоорун билишкен жана Тоолуу областты түзүүгө каршы чыгышкан. Область бөлүнүп чыкса алар чечүүчү кызмат орундары ээлерин жана кыргыздашып кеткен казак Р. Худайкулов тарабындагылар четте калаарын билишкен [ 7].

Натыйжада 1922-жылы 4-июнда чакырылган съезд Түркстан жана Жети-Суу бийликтеринин чечими менен таркатылган. Мында Лениндик позицияга каршы турган жана улуттардын өз тагдырын өзү чечүү укугу менен алмаштырган Сталиндин көрсөтмөсү зор мааниге ээ болгон. Анткени съезддин делегаттарынын таптык курамынын ар түрдүүлүгүн көрүп, буржуазиялык- улуттук түзүлүш пайда болот деп чочулаган. Бул съездди таркатууда уруу-уруктук белгилери боюнча бөлүнгөн делегаттардын конфликти да негизги ролду ойногон. Ошентип кыргыз элинин оз алдынча мамлекеттик түзүлүшкө ээ болууга жасаган табигый аракети белгисиз мөөнөткө артка жылдырылган.

Бул аракеттердин баары өз алдынча кыргыз мамлекеттүүлүгүнө жетишүүнүн алгачкы жана эң оор этабы болгон.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Джуманалиев А., Политическая развитие Кыргызстана. (20-30-е годы) Б., 1994. – 26-б.
2. Смадияров Сыдык Акунович., Становление и развитие государственного аппарата Кыргызской Республики. – Б., 1999. – 54-б.
3. Плоских В.М. Из хроники “белых пятен” [Текст] / К.Г. Каракеев, В.М.Плоских // Коммунисттик Кыргызстан. – 1990. – №12. – 6-б.
4. Кошоев З.К. Первый учредительный [Текст] / З.К.Курманов // Вестник времени. – 1990. – №1. – 63–65-бб.
5. Курманов З.К. Первый учредительный [Текст] / З.К.Курманов // Вестник времени. – 1990. – №1. – 33–35-бб.

**Рецензент: т.и.д., профессордун м.а. Усупова Н.С.**